TÜRK MAMLEKETTERDİN PARLAMENTTİK ASSAMBLEYASI

BİLİM BERÜÜ, MADANİY, SOCİALDIK JANA GUMANİTARDIK MASELELER BOYUNCHA KOMİSSİYASININ

ON BİRİNCHİ JIYINI

“TürkPAga müchö mamlekettер ortosunda emgek migrasiyasının sharttarın jeңildetüü” (uluttuk myyzamdardı jakındatuu)

Sunushtamalar

Adam ukuktarına jana alardın kızıkchılıktarın korgoogo tiyeshelüü bardık universaldıuu konvensiyalardı **eske aluu menen**,

körsötülgön dokumenttердин negizgi prinsiptерine, standarttarına jana maksattarına jana eң jakshı ishke ashırılgan tajrıybaga taanuu menen,

Emgek migranttarının jana alardın üy-bülö müchölörünün emgegінin **maanilüülügün** tüshünüü menen,

Migranttardı kabıl algan ölkölördün sotsialdık-ekonomikalık önügüüsündögü migranttardın emgegine **oң baa berüü menen**,

Migrasiya ölködögü jakırchılık köygöylörün chechüünün ülgüsü bolo albastıgın jana mamlekettin ekonomikalık önügüüsünün elementi bolo albastıgın **eske aluu menen**,

Kabıl algan ölkölördün demografiyalık, ekonomikalık, sotsialdık jana madanıy özgörchölüktörün eske aluu menen jana alardın ekonomikalık jashoosuna salım koshu turgandaj migrasiyanın **maanilüülügün bilüü;**

Migrasiya fenomenінin **maanilüülügün** jana masshtabın tüshünüü, milliondogon adamdardı kamtıgan jana kalktın keңiri katmarına taasirin tiygizerin,

Emgek migranttarının ukuktarı bardık jerde jetishtüü deңgeelde **taanıla elektigin**, oshonduktan tiyeshelüü el aralık korgoonu talap kılaarın bilip,

Эмгек мигранттарынын укуктарын коргоо боюнча региондук жана/же эки тараптуу негизде айрым мамлекеттер жасаган күч-аракеттерди жана жетишкендиктерди, ошондой эле бул чөйрөлөрдө эки тараптуу жана көп тараптуу макулдашуулардын маанилүүлүгүн жана пайдалуулугун **моюнга алуу менен,**

Көптөгөн өлкөлөрдө мигранттардын жамааттары ксенофобияга, расизмге, дискриминацияга, этникалык жана диний жек көрүүчүлүккө дуушар болуп жатканын белгилеп, бул социалдык коопсуздуктун күчөшүнө алып келишин **эске алуу менен,**

Түрк мамлекеттеринин ортосундагы кызматташтыкты алдыга жылдырууну **эске алуу менен**,

ТүркПАга мүчө мамлекеттерге төмөнкүлөрдү сунуштайт:

- ТүркПАга мүчө мамлекеттердин кызматташтыгынын алкагында эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн зарыл ченемдик укуктук актыларды ишке ашыруу;

- ТүркПАга мүчө мамлекеттердин арасында кызматкерлердин жана иш берүүчүлөрдүн бирдиктүү маалымат базасын биргелешкен иш менен камсыз кылуу борборун түзүү боюнча иштерди жүргүзүү;

- программаларды иштеп чыгуу жана алардын келечектеги дивиденддери үчүн мигранттардын каражаттарын өздөштүрүү боюнча иштеген чакан жана орто ишканалар үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;

- эмгек мигранттарын жана алардын үй бүлөлөрүн, өзгөчө миграциянын терс тажрыйбасына дуушар болгон аялдарды жана балдарды репатриациялоо жана туруктуу реинтеграциялоо боюнча программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

- эмгек миграциясынын процесстерин жөнгө салуу чөйрөсүндө жаңы ыкмаларды изилдөө, мыйзамдарды колдонуу боюнча өлкөлөр аралык тажрыйба жана маалымат алмашуу;

- иштеп жаткан эки тараптуу макулдашуулардын негизинде ТүркПАга мүчө мамлекеттер үчүн эмгек мигранттарын социалдык жана пенсиялык камсыздоо боюнча көп тараптуу макулдашууну иштеп чыгуу;

- эмгек мигранттарын пенсиялык камсыздандырууну киргизүүгө көмөктөшүүчү билими жана илимий даражалары жөнүндө документтерди таануунун бирдиктүү мыйзамдык базасын иштеп чыгуу, ошондой эле аны стандартташтыруу;

- маалымат технологиялар чөйрөсүндө жогорку квалификациялуу кадрларды андан ары ишке орноштуруу үчүн санариптик көчмөндөр үчүн IT визалар системасын өркүндөтүү;

- билим берүү миграциясын эске алуу менен, чет өлкөлүк эң таланттуу студенттерге өлкөнүн билим берүү жана кесиптик компонентине салым кошуусу үчүн өлкөдө андан ары жашоону жана окууну сунуштоо;

- мигранттарды кабыл алган өлкөлөрдө тиешелүү министрликтердин өкүлчүлүктөрүн ачуу жана элчиликтерде жана дипломатиялык өкүлчүлүктөрдө эмгек мигранттардын маселелери менен иштешүү боюнча атайын атташелерди дайындоо аркылуу чет өлкөлөрдөгү эмгек мигранттарынын укуктарын коргоо;

- мүчө мамлекеттерде тартиптүү жана коопсуз миграцияны камсыз кылуу максатында эмгек рыногуна мыйзамсыз кирүүнү болтурбоо боюнча кызматташууну түзүү;

- мыйзамсыз миграциянын алдын алуу жана аныкталган мыйзамсыз мигранттарды депортациялоо боюнча кызматташууну түзүү;

- бул документте каралган кызматташтык жөнүндө мүмкүн болушунча бардык мүчө мамлекеттерди тартуу менен көп тараптуу макулдашууларды түзүү жолу менен жүзөгө ашырылат;

- мигранттардын жамааттары туш болгон расизм, дискриминация, ксенофобия жана исламофобия менен күрөшүү үчүн глобалдык маалымдуулукту жогорулатуу үчүн кызматташууну күчөтүү;

- ТүркПАнын байкоочу-мүчөлөрүнүн парламенттеринин ушул контекстте өтө турган иш-чараларга жана жыйындарга тийиштүү катышуусун камсыздоо.